## ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ

**Коомдук саламаттыкты сактоо далилдүү медицина курсу менен кафедрасынын октябрь айында өткөрүлгөн № 3 жыйынынын протоколу**

**Төрайым**: кафедра башчысы, доцент, PhD Акбалаева А.Б.

**Катчы**: Кубанычбек кызы Токтайым.

**Катышкан окутуучулардын саны**: 23

**Өткөрүлгөн жери:** Ош ш., Монуева көч., 5, ЭМФ-2, 101-кабинет

**09.10.2025**

### КҮН ТАРТИБИ

1. ОшМУнун миссиясын жана 560001 – «Лечебное дело» (GM) билим берүү программасынын миссиясын кафедра окутуучулары жана куратордук топтор менен талкуулоо.
2. Куратордук топторду бөлүштүрүү, куратордук сааттардын темаларын аныктоо жана 2025–2026-окуу жылына карата улук куратордун иш планын жана иш-чараларын бекитүү.
3. Кафедранын дисциплиналары боюнча илимий-изилдөө кружокторун уюштуруу.
4. Кафедранын магистранттары үчүн практикалардан өтүү базаларын, программаларын жана күндөлүктөрүн бекитүү.
5. Микробиологиялык лабораторияны ачуу маселеси.

ЖЫЙЫНДЫН ЖҮРҮШҮ

**1. Угулду**: Кафедра башчысы Акбалаева Б.А. Ош мамлекеттик университетинин миссиясы жана 560001 – «Лечебное дело» (GM) билим берүү программасынын миссиясы тууралуу маалымат берди.
Миссиялардын мазмуну кафедранын окутуучулары жана куратордук топтор менен талкууланып, алардын билим берүү процессиндеги, тарбиялык иштердеги жана студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруудагы ролу белгиленди.
Миссияларды студенттерге түшүндүрүү жана куратордук сааттарда кеңири талкуулоо зарылдыгы белгиленди.

2. Сөзгө чыкты: Улук куратор Абжапарова А. сөз сүйлөп, кураторлук топторду бөлүштүрүү тартиби жана 2025–2026-окуу жылына карата кураторлук иш-чаралар тууралуу баяндама жасады.
Кураторлук сааттардын темалары билим берүү, тарбиялоо, кесиптик багыт берүү жана академиялык адеп-ахлак маселелерин камтый турганы белгиленди.
Ошондой эле улук куратордун 2025–2026-окуу жылына карата иш планы жана иш-чаралар календары сунушталды.

3. Сөзгө чыкты: Ырысбаев Э. Кафедранын дисциплиналары боюнча илимий-изилдөө кружокторун уюштуруу маселеси каралды.
Илимий кружоктор ар бир дисциплина боюнча түзүлүшү керектиги белгиленди (микробиология, жугуштуу оорулар, гигиена ж.б.).
Ар бир кружок үчүн өзүнчө жетекчи дайындалып, илимий кружоктун иш планы түзүлүп, студенттердин илимий-изилдөө иштерине активдүү тартылышы камсыздалары айтылды.

4. Сөзгө чыкты: Магистратура программасынын башчысы: Абдимомунова Б. Кафедранын магистранттары үчүн практикалардан өтүү базалары, практиканын программалары жана практиканын күндөлүктөрү талкууланды. Документтер билим берүү стандарттарына жана окуу пландарына ылайык иштелип чыккандыгы белгиленип, практикалык даярдыктын сапатын жогорулатууга багытталгандыгы айтылды.

5. Микробиологиялык лабораторияны ачуу маселеси каралды.
Микробиологиялык лаборатория 2025-жылдын ноябрь айында ачылары белгиленди.
Лабораторияны ачууга чейин тиешелүү ремонт иштери жүргүзүлөрү, андан соң лабораториянын расмий ачылышы болоору маалымдалды.
Лабораторияны уюштуруу жана ачылыш иштерине төмөнкү кызматкерлер жоопту болуп дайындалды: Абдумалик к. Н.; Калыбекова К.; Манас к. М.; Парпиева Т.

**ЧЕЧИМ:**

1. ОшМУнун миссиясы жана 560001 – «Лечебное дело» (GM) билим берүү программасынын миссиясы кафедра окутуучулары жана кураторлук топтор менен талкуулангандыгы маалымдоо үчүн кабыл алынсын.

Scanned with CamScanner

2. 2025–2026-окуу жылына кураторлук топтордун бөлүштүрүлүшү, кураторлук сааттардын темалары жана улук куратор Абжапарова А. тарабынан сунушталган иш планы бекитилсин.
3. Кафедранын ар бир дисциплинасы боюнча илимий-изилдөө кружоктору түзүлсүн жана ар бир кружок үчүн иш планы бекитилсин.
4. Магистранттар үчүн практикалардан өтүү базалары, программалары жана практиканын күндөлүктөрү бекитилсин.
5. Микробиологиялык лабораторияны ачуу жана уюштуруу боюнча жоопкерчилик Абдумалик к. Н., Калыбекова К., Манас к. М., Парпиева Т.га жүктөлсүн.
6. Бул чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчысы Акбалаева Б.А.га жүктөлсүн.

Төрайым: ______________________ Акбалаева Б.А.

Катчы: ______________________ Кубанычбек кызы Токтайым.

Scanned with CamScanner